● "Карегимде – туулган жер" сынагына

# Ала-Тоо – куттуу мекеним

Жасалгасын көрүп суктанып,
жандүйнөсү эргип шыктанып,
Көңүл деми оргуп ташкындап,
Альберт Гордун боз үй жөнүндө
айткан сөзү чыкпай төгүнгө
аткарылса деген тилегим
азык болду асыл өмүргө.
Сыр туюнтуп жакшы жөрөлгө,
сөзүн айтып айкөл асылдын,
тунуктугун баалап акылдын
устаттыкка, уздук өнөргө,
зергерликке өтө таң калып,
сезимимде ыза жанданып,
суктанганы... келген меймандын
үмүтүмдүн отун жандырат.
Ар убакта жарык жылдызы,
Ала-Тоонун улуу Кыргызы,
көкөлөтүп Туусун кырмызы,
алкы бузук ааламдашуунун
жакындатпай айла-амалын,
салтын сактап ата-бабанын,
тилин билип ачык асмандын,
түндүгүнөн аппак боз үйдүн
өз бактысын көрө алабы?
Бейпил күндүн келер мезгилин
биздин коом ылдам табабы?

* * *

Ачабызбы сырдын сандыгын?
Бир болбосо элдин тилеги
Эркиндигин сактай билеби?

* * *

Жол көрсөтүп, эстүү көч баштоо,
адаты да көнгөн баштагы!
Көчмөндөрдүн чогоол оюнун
эң биринчи кыргыз баштады!
Ат үстүндө шайдоот машыккан,
таймашууга таасын дасыккан
жигиттердин түркүн өнөрү
сезимдерге сергүү бөлөдү.
Улак тартуу өтө өзгөчө
кызыгууну шаңдуу жаратты.
Спортто биз бүткүл дүйнөлүк
ачтык окшойт жаңы баракты...
Токтобойбуз эми күймөлүп!
Алыстатып жемкор адатты,
ажарланып жаңы башталуу,
Өкүм сүрүп ак ниет башкаруу,
Атамбаев жүрөт күч үрөп.

* * *

Из калтырып ар бир дооруна,
жашагысы келип жыргалдуу
сыяпаттап сыйды, ыйманды,



досту урматтап, кысып бооруна,
аздектеген мээрим, адепти...
ардактаган Ата Мекенин
кагылайын калкым - тирегим,
орундалып асыл тилегиң.
Урмат-сыйга жүрөк төшөгөн
улуулугуң неге басынсын?
Басаңдатпай Манас дүбүртүн,
акыйкатка кызмат өтөгөн
кыраан Кыргыз, жолуң ачылсын!

* * *

Ынтымактуу болуп жалпыбыз,
ыркка муюп чама-чаркыбыз,
иштин көзүн даана тапмайын,
ийгиликке жетүү кыйын да...
Ачык айтсам азыр, чынында,
мамлекетти чыңдоо жылында,
иш аткардык тете кылымга.
Эми чындап экономиканы,
тике туруп жалпы калкыбыз,
гүлдөтүүбүз Ата-Мекенди,
баарыбыздын ыйык парзыбыз!

**Эсенгул ЧОПИЕВ,**
**КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, Кемин шаары**

*Сынактын жобосу менен гезитибиздин* **www. kyrgyztuusu.kg** *сайтынын "Рубрикалар" топтомундагы "Сынак" папкасынан тааныша аласыздар.*

Саамалык

# «Курманжан Датка» түркчө субтитр менен

*Жакында Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде «Курманжан Датка» тарыхый көркөм тасмасынын түрк тилиндеги субтитрдин коштоосундагы бет ачары болду. Университеттин ректору Себахаттин Балжы жана биринчи проректору Асылбек Кулмырзаев чыгармачылык топко ыраазычылыктарын билдиришти.*

Тасманын режиссеру Садык Шер-Нияз фильмдин жаралыш учурундагы кыйынчылыктары менен ийгиликтери тууралуу кенен маалымат берип, мындай тарыхый тасмаларды тартуу менен кыргыз элинин тарыхын, маданиятын жана салт-санаасын дүйнө элдерине таанытууга чоң мүмкүнчүлүк болорун билдирди.

Аталган фильмди түрк тилине которуу демилгеси Коммуникация факультетинин деканы Мурат Садуллах Чебиге таандык. Ал эми университеттин Чет тилдер жогорку мектебинин ага окутуучусу Мүхиттин Гүмүш: "Кыргыз элинин кошоктору, макалдары жана «хан ага», «ханыша», «датка» сыяктуу наамдардын аталыштарын түрк тилине түшүнүктүү кылып, көрүүчүлөргө туура жеткирүүгө аракеттендик. «Курманжан Датка» кыргыз тилинде «Тоолордун ханышасы», «Алай ханышасы», орус тилинде «Алайская царица», «Королева Юга» и «Мать нации» деп айтылат, ал эми, биз түрк тилине «Дааларын султаны» деп бердик. Себеби, түрк эли «султан» деген сөздү падышанын энесине, мисалы «Валиде Султан», аялына карата «ханым Султан» жана өзүнө гана карата «султаным» же «хүнкаарым» деп кайрылышкан. Жалпысынан алганда, контекстке жараша ар бир сөздүн маанисин берүүгө жана тилдеги нормаларды сактоого аракет кылдык», - деди.

Фильмдин техникалык базасын аталган факультеттин оператору Марат Эргешев аткарган. Тасманы которуу ишине 10 күндүк убакыт кеткен жана фильмдин жаратуучулары тарабынан алкышка ээ болду.

**Айзат ТАЛАСБАЕВА**



# Айбанаттар падышасы – арстан...

Буйволдордон качкан арстанды быйылкы май айында Кениянын Масаи-Мара улуттук паркында Чарльз Комин деген турист сүрөткө тартып алган.



Спорт Спорт Спорт Спорт Спорт

## Массалык спорт

## «Сергек жашоону өзүңдөн башта!»

***Өткөн жума, ишемби күндөрү медицина кызматкерлеринин кесиптик күнүнө карата өлкөбүздүн бардык облустарында элди сергек жашоого үндөгөн акциялар өткөрүлдү.***



Бишкекте Өкмөт башчысынын жана мүчөлөрүнүн катышуусу менен жүздөгөн адам катышкан "Биз саламаттык үчүн!" аттуу велотур өттү. Нарында облустук саламаттыкты сактоо мекемелеринин арасында «Сергек жашоону өзүңдөн башта!» аттуу спорттук таймаш уюштурулду. Анда медицина кызматкерлери кол күрөш, аркан тартыш жана алыстыкка чуркоо боюнча күч сынашты. Ош шаарынын борбордук аянтында шаардын медицина кызматкерлери дене тарбия көнүгүүлөрүн жасап, жапырт бий бийлешти. Иш-чарага шаардын жана облустун ооруканаларынын, кургак учукка каршы күрөш борборунун жана үй-бүлөлүк дарыгерлер топторунун 200дөй кызматкери катышты.

## Дүйнөлүк футбол

## Чили – Америка чемпиону

***5-июлда Чилинин борбору Сантьяго шаарында футбол боюнча Америка Кубогунун 44-турнири аяктады. Футбол майданында үч аптага созулган беттешүүлөрдө Чилинин курама командасы континент чемпиону аталды. Чили финалда Аргентина менен жолугушуп, оюн соңундагы пенальтиде жеңишке жетти. Бул тууралуу championat.com сайтында билдирилген.***

Матчтын негизги жана кошумча убактысында эсеп ачылбаган соң, атаандаштар пенальтиде мүмкүнчүлүктөрүн сынашты. Аргентина тараптан Лионель Месси гана топту каршылаштарынын дарбазасына киргизе алды. Чили тарап бардык соккуларды киргизип, 4:1 эсеби менен оюнду жыйынтыктады.

Америка континентинин кубогу үчүн чемпионаттарда Чили мурда төрт ирет финалга жетип, биринчи орунга чыга алган эмес. Бул жолу Алексис Санчес, Артуро Видаль сыяктуу мыкты футболчуларынын аркасында оюндун негизги бөлүгүндө Аргентина менен тең болуп, пенальтиде чемпиондук титулду ээледи.

Ушул жеңиши аркылуу Чили 2017-жылы Россияда өтө турган Конфедерация Кубогунун турнирине катышууга жолдомо алды.

Америка чемпионатында коло медаль үчүн Перу жана Парагвай командалары таймашып, Перу 2:0 эсеби менен үстөмдүгүн таанытты.

Америка Кубогунун биринчи оюну 1910-жылы өткөрүлгөн, бирок расмий түрдө катталбагандыктан, оюндардын тарыхы 1916-жылдан башталат. Мурда ал Улуттук курамалар арасындагы Түштүк Америка чемпионаты деп аталып, 1975-жылдан баштап Америка Кубогу аталышына ээ болгон. 45-турнир 2019-жылы Бразилияда өтмөкчү. Кубоктун 8 жолку чемпиону Бразилия командасы быйыл 5-орун менен канааттанды.



## Каратэ-до

## «Ысык-Көл – 2015» кубогу

***Кыргызстандын каратэ-до боюнча Улуттук федерациясынын Ысык-Көл облустук жана Чолпон-Ата шаардык бөлүмдөрү үч жылдан бери «Ысык-Көл – 2015» кубогу үчүн каратэ-до боюнча эл аралык турнирди өткөрүп жатат. Быйылкы мелдеш Бостери айылында өттү.***

Турнирге Кыргызстандын жана Казакстандын 200гө жакын спортчусу катышты. Келерки жылдын мелдешине Өзбекстан, Кытай жана Түркия мамлекеттеринин командалары чакырылмакчы.

Бул жолу жалпы командалык эсепте Казакстандын Тараз шаарынан келген команда 1-орунга, Каракол шаары 2-орунга, Бишкек шаары 2-орунга татыктуу болушту.

Каракол шаарынын каратэ-до командасынан Кымбат Тойтоева эл аралык мелдештин кыздар арасында эң мыкты спортчусу, балдар арасынан Казакстандын Чымкент шаарынан келген Даулет Шымырбеков, Тараз шаарынын курама командасынын машыктыруучусу Болотжан Нарметов эң мыкты калыс деп табылды.

**Жыпара АКЫЛБЕК кызы**